12. 김미형, 국어 완곡 표현의 유형과 언어 심리 연구, 한말연구 7, 2000, 27-63.

13. 김홍석, 국어 어휘 범주의 완곡어, 한어문교육 19, 2008, 20-37.

14. 박정열, 최상진, 금기어 분석을 통한 한국인의 심층심리 탐색, 한국심리학회지 22(1), 45-61.

15. 도수희 외7, *알타이어 속의 한국어, 한국어 속의 알타이어*, 역락, 2013, 232.

16. 양정, 한국어 완곡 표현 연구, 박문사, 2018, 350.

17. 이기문, *한국어와 알타이 제어의 친족관계*, 한국사 시민강좌 32, 2003, pp 161-184.

18. 허재영, 금기어의 구조 및 발생 요인, 사회언어학 9(1), 2001, 193-217.

19. Думанаева М.Г., Каролова А.М. Кыргыздар колдонгон ырым-жырымдар жана алардын табияты, тарбиялык мааниси // Вестник КНУ, 2023, № 3(115), 9-15-б.

УДК 80

DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-68-74

**Сола Парк**

Кыргыз-Түрк “Манас” университети

**Сола Парк**

Кыргызско-Турецкий университет Манас

**Sola Park**

Kyrgyz-Turkish Manas University

# КЫРГЫЗ ЖАНА КОРЕЙ ТИЛИНДЕГИ КӨР- ЖАРДАМЧЫ ЭТИШИ ЖӨНҮНДӨ
# О ВСПОМОГАТЕЛЬНОМ ГЛАГОЛЕ "ВИДЕТЬ" В КОРЕЙСКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ
# ABOUT THE VERB "TO SEE" IN KOREAN AND KYRGYZ

**Кыскача мүнөздөмө:** Бүгүнкү күндө азыркы корей тили алтай тил тобуна кирет деген да ырастоолор бар. Бирок бул так аныктала элек. Азырынча, божомолдорго ылайык, корей тили алтай тил тобуна жакын деп гана айтууга болот.

Тил илиминде корей жана кыргыз тилдерин салыштырып изилдеген изилдөөлөр жокко эсе. Кореяда кыргыз тилин, ал эми Кыргызстанда корей тилин билген окумуштуулар аз. Ошол себептен эки тил азыркыга чейин илимий жактан салыштырылып каралган эмес. Эки тилдин ортосундагы жакындыкты тилдик жактан аныкташ үчүн, эң алгач алардын грамматикасын жакшы билүү зарыл. Муну менен катар эки улуттун маданиятын да мыкты билүү керек. Себеби тил жана маданият бири-бири менен өтө тыгыз байланышта: маданият тил аркылуу чагылдырылат. Демек, эки элдин тилин изилдөө аркылуу алардын маданиятынын ортосундагы карым-катышты да аныктоого болот.

Кыргыз жана корей тилдеринде этиш сөз түркүмү өзгөчө орунга ээ. Биз бул макалада этиш сөз түркүмүндөгү *көр-* жардамчы этишин салыштырып изилдөө аркылуу бул эки тилдин ортосундагы окшоштукту кайсы бир деңгээлде көрсөткөнгө аракет кылабыз.

**Аннотация:** Современный корейский язык входит в группу алтайских языков, чему есть некоторые подтверждения. Однако это точно не определено. На данный момент, по предположениям, корейский язык близок к алтайской языковой группе.

Исследователей, изучающих путем сравнения корейский и кыргызский языки, очень мало: в то время как в Корее мало знающих кыргызский язык, так и в Кыргызстане мало знающих корейский язык. Именно поэтому до сих пор нет исследователей, рассматривающих эти два языка в сравнении с научной точки зрения. Для того чтобы определить схожесть между двумя языками, важно хорошо знать грамматику. Кроме того, знать отличия двух национальных культур, так как язык и культура тесно связаны между собой: культура отражается в языке. Следовательно, изучив языки двух народов, можно определить связь между их культурами.

В кыргызском и корейском языках глагол имеет особое значение. Исследовав вспомогательный глагол «смотреть», подтверждаем в ореденленной мере схожесть между двумя языками.

**Abstract:** In nowadays, there is a claim that the Altaic language family includes Korean. However, this is not proven. According to the hypothesis, the Korean language can be said to be close to the Altaic language family.

Few researchers have compared Korean and Kyrgyz. Academic research is still insufficient because of few Kyrgyz scholars who know Korean or Korean scholars who know Kyrgyz. To find commonalities between two languages, first of all, we need to know the grammar of each language. At the same time, we must know the culture of the people who speak languages because language and culture are very deeply related. Language reflects culture. In other words, cultural relations can be found through the study of the languages of the two nations.

The verbs in Kyrgyz and Korean are in a particular position. We will compare auxiliary verbs in this thesis with "көр-" and look for commonalities between the two languages.

**Негизги сөздөр:** алтай тилдери; этиш; жардамчы этиш; көр-; корей тили; кыргыз тили; маданият.

**Ключевые слова:** алтайские языки; глагол; вспомогательный глагол; смотреть; корейский язык; кыргызский язык; культура.

**Keywords:** altaic language; verb; auxiliary verbs; see; Korean; Kyrgyz; culture.

Корей тилин Алтай тилдер тобуна киргизүү боюнча тарыхый маалыматтар аз эмес. Түрк тилдүү элдердин тарыхында Орхон-Енесей жазма булактары маанилүү мурастардын бири болуп саналат. Аталган жазма эстеликте бир гана жазуу эмес, маданият, тарых, башка элдер менен болгон байланыштар тууралуу бир катар маалыматтар камтылган. Анда Азия менен Орто Азия тууралуу да маанилүү маалыматтар бар (Парк Сола, 2017: 11).

Корей элдери туурасында Күлтегин жана Билге Каган жазма эстеликтеринде да сөз болот (우덕찬, 2004: 239-240). Мындан сырткары 1965-жылы Өзбекстандын Самарканд шаарынын чегинде жайгашкан Афрасиаб шаар чалдыбарынын дубалынан табылган сүрөттө байыркы корейлер тартылган деп болжолдонот (우덕찬, 2004: 245-246). Мындай тарыхый божомолдор менен бирге эки мамлекеттин байланыштарын изилдегенде тил жана маданият байланыштарына көңүл буруу керек.

Кыргыз тилин эң байыркы жана бай тил деп айтууга болот. Кыргыз тилинде бир нерсени түшүндүрүү жана билдирүүнүн ар кандай жолдору бар. Сүйлөмдө окшош этиш же окшош сөз түркүмү колдонулса да абалга же окуяга жараша мааниси өзгөрүүгө учурашы мүмкүн. Бул жагынан корей тили менен кыргыз тили окшош.

1980-жылы жазылган "Кыргыз адабий тилинин грамматикасы" деген китепте жардамчы этишке мындай деп аныктама берилет: "Татаал этиштин составында туруп, негизги этиш билдирген түшүнүктү грамматикалык маани жагынан толуктоо катарында айтылуучу этиштер жардамчы этиштер деп аталат" (С. Кудайбергенов, 1980: 198).

Жардамчы этиштер боюнча Кореяда көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Корей тилинде жардамчы этиш морфология, семантика, синтаксис жана башка деңгээлдер менен изилденген. Изилдөөлөр бир топ жемиштүү жыйынтыктарга алып келген. Бирок көпчүлүк окумуштуулар грамматикалык жактан карап, *жардамчы этиш* деген бир тилдик терминдин деңгээлинде гана изилдешкен. Жардамчы этиштин колдонулушу өтө кеңири болгондуктан, аны бир тилдик категория катары кароо керек. Ошону менен бирге жардамчы этиш кандай маанини туюндурарын иликтөө зарыл.

Сүйлөм тутумунун ичинде жардамчы этиш чоң мааниге ээ. Жардамчы этишке карай сүйлөмдүн мааниси өзгөрүшү мүмкүн. Ошондуктан жардамчы этишти туура колдонуу зарыл.

Негизги этиштен кийин келип, анын маанисин бузбай сактаган этишке жардамчы этиш делет. Корей тилиндеги жардамчы этиштер кыргыз тилине окшош багытта өнүккөн. Албетте, жардамчы этиштер кыргыз жана корей тилинде гана эмес, башка тилдерде да бар. Бирок башка тилдерге караганда кыргыз жана корей тилиндеги окшоштуктар көп деп айтууга болот.

Кыргыз жана корей тилинде жардамчы этиштердин саны арбын. Мисалы, кыргыз тилинде төмөндөгүдөй жардамчы этиштер бар: *бол, кыл, ал, сал, кой, кел, кал, көр, эт* ж.б.у.с.

Корей тилиндеги жардамчы этиштер да ар түрдүү болот. Алар: 가다 (баруу), 나다 (-), 내다(-), 놓다 (коюу), 두다 (салуу), 말다(-), 못하다 (кыла албоо), 버리다 (таштоо), 보다 (көрүү), 않다 (кылбоо), 양하다 (-ымыш болуу, жалган түр көрсөтүү), 오다 (келүү), 있다(бар-), 주다 (берүү), 척하다 (-ымыш болуу, жалган түр көрсөтүү), 체하다 (-ымыш болуу, жалган түр көрсөтүү), 하다 (кылуу) ж.б.

Жогорудагы жардамчы этиштердин арасында кыргыз жана корей тилинде маанилик, грамматикалык жактан ар түрдүү функцияны аткарган *көр-* жардамчы этиши бар. Кыргыз тилинде *көр-* этишинин маанилери булар: 1. Көрүү сезими менен байкоо, көз жүгүртүү, кароо. 2. Кандайдыр бир жайда болуу же бирөөгө кез келүү, учуроо. 3. Дуушар болуу, башынан өткөрүү, жолугуу. 4. Бир нерсенин сапатына, белгисине ж.б. байкоо. 5. Эсептөө, ушундай деп сезүү, эсеп кылуу. 6. Кимдир бирөөнү, бир нерсени себепкер деп саноо, бир нерсенин болуу, келип чыгуу себебин ошого байланыштуу деп кароо. 7. Жаза, чара колдонуу, жазалоо. 8. Камылга, даярдык ж.б. аракеттерин жүргүзүү, ишке ашыруу. 9. Жетүү, колуна тийүү, ээ болуу. 10. Бирөөнүн аракетин, дымагын, ишин ж.б. кем баалоо, арзырлык эмес деп басынтуу же кекетүү маанисинде айтылат. 11. Чакчыл формадагы негизги этиш менен бирге айтылып, өтүнүү, сурануу, тилек кылуу же бирөөгө буюруу, сунуш кылуу ж.б. маанини билдирет (И. Абдувалиев, А. Акматалиев, А. Кадырмамбетова, 2011:74).

Корей тилинде *көр-* жардамчы этишинин эки функциясы бар. Жардамчы этиш менен жардамчы сын атооч болуп эки функцияны аткарат. Бул макалада *көр-* жардамчы этиши гана каралмакчы.

1. Этиш *көр-* 보다 (бода)

Корей тилинде *көр-* этишинин сөздүк мааниси: 1. Көз менен нерсенин бардыгын жана формасын билип алуу. 2. Китеп, гезит жана башкаларды окуу. 3. Бир нерсенин абалын так көрүү. 4. Белгилүү бир максатта жолугушуу. 5. Жоопкерчилик кылуу, кам көрүү. 6. Башка тараптагы жагдайды байкоо. 7. (Сынак сөзү менен) өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөтүү үчүн сынак тапшыруу. 8. Колуна келген жумушту аткаруу. 9. Белгилүү бир жайынтыкты чыгаруу же мамиле жасоо. 10. Тамак же төшөктү даярдап берүү. 11. Тамактын даамын билүү үчүн кичине жеп көрүү. 12. Башкалардын кемчилигин көрсөтүү маанини билдирет. Дагы башка көрүү жардамчы этишинин колдонулушу, мааниси жөнүндө төмөндө берилет.

1) Негизги этиштен кийин – '보다 (бода)' формасында колдонулат. Бир кыймылда аракет кылып көрүү жана сүйлөгөн кишинин каалоосун билдирет(정연희, 2017:3). Мындагы *көр-* жардамчы этиши сөздүктөгү "көз менен байкоо", "кароо" маанисинде эмес. *Көр-* жардамчы этиши аркылуу "аткаруу", "аракет кылуу", "жүзөгө ашыруу" деген маанилерди билдирсе болот. Кыргыз тилиндеги *көр-* жардамчы этиши да буга окшош функцияны аткарат.

Мисалы, *"먹어 보다(моко бода)"* деген этишти кыргыз тилине которгондо, "жеп көрүү" болот. Эгер бир киши *жейсиңби?* деп сурагандын ордуна *жеп көрөсүңбү?* деп сураса, "жеп көрүү үчүн аракет кылуу" деген маанини түшүндүрөт. Бул маани корей жана кыргыз тилдеринде окшош. *"입어 보다(ипо бода)"* деген этишти кыргыз тилине которгондо, "кийип көрүү" болот. *"들어 보다(дыло бода)"* деген этишти кыргыз тилине которгондо, "угуп көрүү" дегенди билдирет. *"봐 보다(боа бода)"* деген этишти кыргыз тилине которгондо, "карап көрүү" маанисин билдирет. *"맛 보다(мат бода)"* деген этишти кыргыз тилине которгондо, "даамдап көрүү" маанисин билдирет.

*"저는 안 익힌 음식은 잘 못 먹지만 한번 먹어 보려고요 (жонун ан икхин ымсикын жал мот мокжиман ханвон моко ворёгуё)"* деген сүйлөм "мен бышпаган тамакты жакшы жей албасам дагы жеп көрөйүн" деген маанини билдирет. Бул сүйлөмдө "жеп көрүү" деген мурун "даамдап көрбөгөн нерсени даамдап көрүүгө аракет жасоо" деген маанини түшүндүрөт. Ушул *көр-* жардамчы этишинин функциялык мааниси дал кыргыз тилиндегидей эле окшош маанини билдирет.

2) Негизги этиштен кийин – '보다(бода)' формасында колдонулат. "Тажрыйба" маанисин билдирген *көр-* жардамчы этиши тажрыйба кылуу же кылбоо жөнүндө айтканда жана мурун кылган нерсе жөнүндө сураганда колдонулат (정연희, 2017:3).

Мисалы, *"그런 책은 읽어 본 적이 없다 (гырон чекын илго бон жоки опда)"* деген сүйлөм "мындай китепти окуп көргөн эмесмин" дегенди билдирет. *"작년에 제주도에 가봤니(жакнёнэ жежудое га боатни)?"* деген сүйлөм "өткөн жылы Чеджу аралына барып

көргөнсүңбү?” деген маанини билдирет. Бул сүйлөмдө *көр-* жардамчы этиши менен өткөн чак колдонулгандыктан тажрыйба мааниси дагы көрсөтүлдү. Мындай көрүнүштү кыргыз тилинде да байкоого болот. Мисалы, *сен тарых музейге барып көргөнсүңбү?* деген сүйлөмдө музейге барып көргөн тажрыйбаны сурагандыгын көрсө болот.

3) Негизги этиштен кийин – ‘보다(бода)’ формасында колдонулат. *Көр-* жардамчы этиш аркылуу сүйлөмдүн маанисин сылык формада жеткирүүгө болот. Көбүнчө буйрук жана сурануу маанисин туюндурганда *көр-* жардамчы этиши колдонулат. Кээде улууларга сылык мааниде да колдонулат.

Мисалы, *“선생님을 모시고 이야기를 나누겠습니다 (сонсеңнимыл мосиго иягирыл нанугетсыпнида)”, “선생님을 모시고 이야기를 나누어 보겠습니다 (сонсеңнимыл мосиго иягирыл нануо богеисыпнида)”* биринчи сүйлөмдү кыргыз тилине которсо, “мугалимди чакырып сүйлөшөлү.” Экинчи сүйлөм болсо, “мугалимди чакырып, сүйлөшүп көрөлү” болот. Корей тилинде биринчи сүйлөмгө караганда экинчи сүйлөм сылык жана сыйлоо маанисин билдирет. Кыргыз тилинде да *көр-* жардамчы этиши аркылуу “жалынуу” жана “адептүүлүк” маанисин билдирет.

4) Негизги этиштен кийин – ‘보다(бода)’ формасында колдонулат. Кээде *көр-* жардамчы этиши сүйлөмгө жараша шарттуу ыңгай функциясын аткарат. Биринчи сүйлөмдө негизги этиштен кийин *көр-* жардамчы этишти колдонсо, кийинки сүйлөмдө жыйынтыкты билдирет.

Мисалы, *“전화해 봐 (джогхуахе боа)” “분명히 좋아하실 거야 (бунмёңхи жоахасил гоя)”* деген сүйлөмдү кыргыз тилине которгондо “Чалып көр.” “Чын эле сүйүнүп калат” маанисин билдирет. Башкача айтканда, “(сен) чалсаң (ал) сүйүнүп калат” дегенди билдирет. Алдыңкы сүйлөм *көр-* жардамчы этишти колдонуп буйрук ыңгай формасы менен сүйлөмдү аяктаган. Кийинки сүйлөм мурунку сүйлөмдүн жыйынтыгын билдирет. Шарттуу ыңгайды колдонбосо да *көр-* жардамчы этиши аркылуу ошол маанини билдирсе болот.

5) Негизги этиштен кийин ‘-고 보니 (-го бони)’, ‘-고 보면 (-го бомён)’ формасында колдонулат(정연희, 2017:3). Негизги кыймылды аткарган билдирүү этиштен кийин, көр- жардамчы этиштен колдонгон сөз, билдирген нерсени жаңы түшүндүрүү, же көр- жардамчы этишинен кийин келген сөз билдирүүчүдөй аныкталат. Бул *көр-* жардамчы этишинин функциясы корей тилинде гана караса болот.

Мисалы, *“누구인지 확인하고 보니 친구였다 (нугуинжи хуакинхаго бони чингуётда).”* деген сүйлөмдү кыргыз тилине которгондо “ким экен деп текшерип көрсөм, досум экен” деген маанини билдирет.

6) Негизги этиштен кийин –‘다(가) 보니 (да(га) бони)’, ‘다(가) 보면 (да(га) бомён)’ формасында колдонулат(정연희, 2017:3). Негизги кыймылды аткарган билдирүү этиштен кийин, *көр-* жардамчы этиштен колдонгон сөз, билдирген нерсени жаңы түшүндүрүү, же *көр-* жардамчы этишинен кийин келген сөз билдирүүчүдөй аныкталат. Үстүндөгү 5) менен окшош маанини туюндурат.

Мисалы, *“오래 살다 <u>보니</u> 이런 좋은 일도 있네 (оре салда бони ирон жоын илдо итне)”* деген сүйлөм “көп жашаганга мындай жакшы иш да бар экен” деген маанисин

туюндурат. *“ 일을 많이 하다 보니 손이 너무 아프다 (илыл мани хада бони сони ному апыда)”* деген сүйлөм “жумушту көп кыла бергенден, колум катуу ооруйт” деген маанини билдирет.

**Корутунду.** Жардамчы этиш кыргыз жана корей тилинде да көп колдонулган грамматикалык форма катары эсептелет. *Көр-* жардамчы этишинин формасы жактан окшоштуктары жок болсо да, семантикалык мааниси жана колдонулуусу боюнча окшош келет. Кыргыз жана корей тилиндеги *көр-* жардамчы этишинин “жүзөгө ашыруу” деген негизги мааниси болуп убакытка (мезгилге) жараша “тажрыйба” маанисин туюндурат. Ошону менен бирге, көп сүйлөмдөрдө “сылыктык” маанисинин функциясын да аткарат. Мындай функциялар грамматикалык жактан эмес, тилди колдонгон элдердин когнициясы менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан тилдеги кээ бир кубулуштарды ошол маданиятты алып жүргөн элден байкоого болот.

Ошентип, *көр-* жардамчы этишинин “сылыктык” маанисинде эки тилде тең колдонулгандыгына күбө болдук. Мисалы, “аракет кылыңыз” деген сүйлөмгө караганда “аракет кылып көрүңүзчү” десе, жумшак жана сылык сезилет. Бул улууларга гана эмес, кичүүлөргө карата да колдонулат. Тактап айтканда, бул угуучу менен тыңдоочунун ортосундагы сый-урмат деп айтсак болот. Муну эки элге тең таандык орток тилдик кубулуш деп баамдоо керек. Демек, каада-салт, үрп-адат, жүрүм-турум, ырым-жырымдар гана маданият болбостон, тилди туура колдонуу да маданият болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, *көр-* жардамчы этишин башка өңүттө да карап чыксак болот. Келечекте кыргыз жана корей тилдери бир гана тил илиминин объектиси болбостон, тарых, социология, культурология ж.б.у.с. илимдердин объектиси болот деп терең ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Ercilasun Ahmet B. Türk Dili Tarihi. – Ankara, 2004, 488.
2. Кыргыз тилинин сөздүгү / И. Абдувалиев, А. Акматалиев, А. Кадырмамбетова, М. Касымкелдиева, Ж. Семёнова и др., ч. I. – Бишкек, 2011, 880-б.
3. Кыргыз тилинин сөздүгү / И. Абдувалиев, А. Акматалиев, А. Кадырмамбетова, М. Касымкелдиева, Ж. Семёнова и др., ч. II. – Бишкек, 2011, 891-б.
4. Кудайбергенов С. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Фрунзе, 1980, 338-б.
5. Мусаев С.Ж. Жалпы тил илими. – Бишкек, 1998, 212-б.
6. Сартбаев К. Түркологияга киришүү. – Фрунзе, 1987, 266-б.
7. Токтоналиев Т. Кыргыз жана корей тилдериндеги жардамчы этиштерден салыштырма типологиясы. – Бишкек, 2018, 182-б.
8. 강흥구, 보조동사 ‘싶다’, ‘보다’, ‘하다’의 통사 의미론적 연구, 한어문교육 8, 2000, 77-100.
9. 김방한, *한국어의 알타이어적 요소*, 한글 161호, 1978, 511-535.
10. 김병호, *오르혼 옛 튀르크語 비문과 한반도인의 옛 이름 -퀼 테긴 碑와 빌게 카간 碑에 나타나는 ‘Bökli’ 해석*, 동북아역사논총 42호, 2013, 7-45.
11. 도수희 외, *알타이어속의 한국어, 한국어속의 알타이어*, 역락, 2013, 230.
12. 서정숙, 보조동사 ‘-아/어 보다’ 교육 연구, 어문론집 87권, 2021, 203-231.
13. 우덕찬, *6-7세기 고구려와 중앙아시아 교섭에 관한 연구*, 한국중동학회논총

*제24-2호*, 2004, 237-252.

14. 정연희, *한국어 보조동사 구성 -어 보다의 의미 변화와 문법화*, 담화인지언어학회 24, 2017, 53-75.

15. 홍달오, *보조동사 의미의 인지언어학적 분석 버리다, 치우다, 내다 구성을 중심으로*, 담화인지언어학회 22(3), 2015, 99-123.

16. Исеналиева Н.А., Кулманбетова Н.Ж., Чотиева М.Д. Современные образовательные технологии преподавания иностранного языка // Вестник КНУ, 2023, №2 (114), с.157-161.

УДК 82 (371. 39)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-74-81

**Тилекова Н.Д.**
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-өзбек эл аралык университети
**Тилекова Н.Д.**
Кыргызско-Узбекский международный университет имени Б. Сыдыкова
**Tilekova N.D.**
Kyrgyz-Uzbek InternationalUniversity named after B. Sydykov

# Т.КАСЫМБЕКОВДУН «СЫНГАН КЫЛЫЧ» РОМАНЫНЫН СЮЖЕТТИК ӨЗӨК ОКУЯЛАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ
# ТЕХНОЛОГИИ ИНТЕГРАЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ ОСНОВНЫХ СЮЖЕТНЫХ СОБЫТИЙ РОМАНА Т.КАСЫМБЕКОВА «СЛОМАННЫЙ МЕЧ»
# TECHNOLOGIES OF INTEGRATION TRAINING OF THE MAIN PLOT EVENTS OF T. KASYMBEKOV'S NOVEL «THE BROKEN SWORD»

**Кыскача мүнөздөмө:** Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин он биринчи класстарында жазуучу Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” тарыхый романын окутуунун илимий-педагогикалык технологиялары интеграцияланган сабак-лекциянын мисалында сунуш кылынды. Макаланын автору мында адабият сабактарын уюштурууда мугалимдерге зарыл болгон методикалардын теориясы менен практикасын сунуш кылат. Ошондой эле макалада адабият мугалиминин “Сынган кылыч” романынын окутуудагы колдонуучу усулдары жана сабакты актуалдаштыруу кандай болуусу керек? деген маселелерге токтолуп, кенири тараган усулдар боюнча талданат. Изилдөөнүн жыйынтыгында Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” тарыхый романын окутууда инновациялык технологияларды пайдануунун, интеграциялап окутуунун жардамы чыгармачылык процесске айлантып берүүчү чоң потенциал экени далилденди.

**Аннотация:** Научно-педагогические технологии преподавания исторического романа Т. Касымбекова “Сломанный меч” в одиннадцатых классах с кыргызским языком обучения общеобразовательных школ Кыргызской Республики были представлены на примере интегрированного урока-лекции. Автор статьи предлагает теорию и практику методик, необходимых учителям при организации уроков литературы. В статье уделяется внимание